Жактырылды
ЖАМУнун окумуштуулар кеңеши
токтом № 9
23.05 2025-ж.

Бекитем
ЖАМУнун ректору
К.Ж.Усенов
__________
26.05 2025-ж.

**“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин 2025-2026-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча техникалык комиссиянын мүчөлөрү үчүн**

**ЭСКЕРТМЕ**

**1.Техникалык комиссиянын максаттары жана милдеттери**

1.1. Техникалык комиссия абитуриенттерди кабыл алуу, каттоо жана документтерди иреттөө боюнча кабыл алуу комиссиясынын ишин камсыз кылуу үчүн түзүлөт.

1.2. Техникалык комиссия өзүнүн ишинде «Кыргыз Республиканын жогорку окуу жайларына студенттерди кабыл алуу жөнүндөгү жобо» боюнча иш алып барат.

1.3. Техникалык комиссия түздөн-түз жооптуу катчыга жана анын орун басарларына, ал эми уюштуруу иштери боюнча тиешелүү факультеттин деканына баш ийет.

1.4. Техникалык комиссиянын мүчөлөрүнүн максаттары жана милдеттери:
- кабыл алуу комиссиясынын белгиленген иш тартибин так аткаруу;
- ЖОЖдорго кабыл алуунун негизги эрежелерин билүү, алар боюнча талапкерлер үчүн консультация берүү же техникалык комиссиянын мүчөсүнүн жообун толуктай ала турган адамдарга багыттоо;
- келгендер менен өтө сылык жана достук мамиле;
- талапкерлерге бардык зарыл документтерин так тиешелүү түрдө нускамаларга ылайык алуу, даярдоо жана жүргүзүү;
- арыз ээлеринин өздүк делолорун катуу, отчеттуулуктун документтери катары сейфтерде гана сактоо; - администрацияга жана кабыл алуу комиссиясына документтерди кабыл алуунун жүрүшү, кирүү экзамендерин өз убагында же суроо-талап боюнча зарыл маалыматтарды өз убагында берүү.

**2. Документация жана аны жүргүзүү тартиби**

2.1. Техникалык комиссиянын негизги документтери болуп төмөнкүлөр саналат:
- документтерди кабыл алууну каттоо журналы;
- күбөлүктөрдүн айрып алуу талондорун каттоо журналы;
- талапкерлер үчүн анкеталардын бланктары;
- квитанциянын формасы;
- экзамен кагаздары;

- дисциплиналар боюнча тесттер;
- жооп баракчалары;
- тестирлөөнүн жыйынтыгы;
- ар бир адистик боюнча абитуриенттерди кабыл алуунун жыйынтык ведомосттору;
- кабыл алынган студенттердин өздүк делолорун иреттөө үчүн бланктар жана барактар;
- студенттердин өздүк делолорун каттоо үчүн зарыл болгон өздүк документтер жана алардын көчүрмөлөрү;
- статикалык бланктар.

Техникалык комиссиянын мүчөлөрү бардык зарыл бланктарды, журналдарды, кеңсе буюмдарын жана башка документтерди жооптуу катчыдан жана алардын орун басарларынан документтерди кабыл ала баштаганга чейин алышат.

4.3. Техникалык комиссиянын мүчөлөрү берилген ыйгарым укуктардын чектеринде расмий уруксат берилген маалыматты келүүчүлөргө гана тарата алышат.

4.4. Техникалык комиссиянын мүчөлөрү документтерди толтурууда кабыл алынган эрежелерди, мөөнөттү жана тартипти так сактоого тийиш.

4.5. Техникалык комиссиянын мүчөлөрү кабыл алуу комиссиясынын өндүрүштүк маселелерин чечүү үчүн жумуш убактысынан тышкары ишке тартылышы мүмкүн.

4.6. Техникалык комиссиянын мүчөлөрү кызматтык иштерди аткарууга жана абитуриенттердин өздүк делолорун иреттөөдө жардам берүү үчүн бөтөн адамдарды тарта алышпайт.

4.7. Техникалык комиссиянын мүчөлөрү документтерди жумуш ордунан тышкары жана башка адамдарга алып бара албайт же бере албайт.

4.8. Орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларын аяктап университетке тиешелүү багыттарга тапшырган абитуриенттердин документтерин кабыл алуучу техникалык комиссиянын мүчөсү структуралык бөлүмдүн жетекчиси менен 2 күн ичинде академиялык айырмачылыктарын аныктап, университеттин которуу жана тикеленүү боюнча аттестациялык комиссиясына сунуш берүү үчүн документтерди даярдайт. Академиялык айырмачылык үчүн төлөнө турган сумманы тактап, абитуриентке кабарлайт.

4.9. Документтер жооптуу катчынын уруксаты менен белгилүү бир убакытка өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

4.10. Техникалык комиссиянын мүчөлөрү жумуш ордунан уруксатсыз чыга алышпайт.

4.11.Ички тартипти сактабагандыгы, татыксыз жүрүм-туруму жана документтерди иреттөөдө одоно ката кетиргендиги үчүн техникалык комиссиянын мүчөлөрүнө кабыл алуу комиссиясынын төрагасынын атына катуу

жаза чараларын көрүү жөнүндө же университеттен бошотууга чейин билдирме берилиши мүмкүн.

4.12.Коррупциялык элементтерге жол берилген учурда техникалык комиссиянын мүчөлөрү иштен бошотулат жана алар менен расмий органдар иштешет.

**Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы** **Төлөнов Э.Н.**

**Эскертменин талаптары менен тааныштым жана сактоого макулмун:**

Ажикулова А.М

Палзова Н.Н

Темекулова Н.А

Масырканов Э.И.

Самудинова Г.Я.

Сатыкулова Н.Н.

Маматкулов Н.О

Карыпбаев Н.М

Бекелова А.Т.

Арапиев И.И

Темирбаева Г.К

Турсунбаева Ж.А.